УДК 373.2
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-69-75

**Сабирова М.М.**
Ош мамлекеттик университети, ага окутуучу
**Сабирова М.М.**
Ошский государственный университет, старший преподаватель
**Sabirova M. M.**
Osh State University, senior lecturer

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖОГОРКУ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫН АНЫКТАГАН ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИНИН НАТЫЙЖАЛАРЫ
# РЕЗУЛЬТАТЫ ИССЛЕДОВАНИЙ, ВЫЯВИВШИХ ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ СОЦИАЛЬНЫХ НАВЫКОВ У ДЕТЕЙ СТАРШЕГО ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА
# THE RESULTS OF RESEARCH THAT REVEALED THE PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE FORMATION OF SOCIAL SKILLS IN OLDER PRESCHOOL CHILDREN

**Аннотация:** Макалада мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун эксперименталдык жактан изилдөө иштеринин натыйжалары берилген. Изилдөө иштери үч баскычта ишке ашты.Изилдөөдө бала-бакчанын тарбиячыларына, ата-энелерге карата алгачкы диагностика жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн констатациялоочу баскычында бардык критерийлери боюнча эксперименттик иштер жүргүзүлүп, натыйжалары көрсөтүлгөн. Аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашырууда, ыкмалар колдонулуп, аларга мүнөздөмө берилген. Акырында бардык критерийлер боюнча кайра диагностиканы жүргүзүп, изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, социалдык көндүмдөрдүн калыптануусунун оң тенденциялары байкалган.

**Аннотация:** В статье представлены результаты экспериментального исследования формирования социальных навыков у детей старшего дошкольного возраста. Исследование проводилось в три этапа. В исследовании проводилась первичная диагностика в отношении воспитателей детского сада, родителей. На констатирующем этапе исследования по всем критериям была проведена экспериментальная работа, результаты которой были продемонстрированы. . При реализации определенных педагогических условий применялись методы, дающие им характеристику. Наконец, проведя повторную диагностику по всем критериям, результаты исследования показали, что наблюдаются положительные тенденции в формировании социальных навыков.

**Abstract:** The article presents the results of an experimental study of the formation of social skills in older preschool children. The research was carried out in three stages. The study conducted primary diagnostics in relation to kindergarten teachers, parents. At the ascertaining stage of the study, experimental work was carried out according to all criteria, the results of which were demonstrated. When implementing certain pedagogical conditions, methods were used to characterize them. Finally, after repeated diagnostics according to all criteria, the results of the study showed that there are positive trends in the formation of social skills.

**Негизги сөздөр:** мектепке чейинки жогорку курактагы балдар, социалдык көндүм, калыптандыруу, педагогикалык шарттар, диагностика, диаграмма, натыйжа эксперименталдык иш, изилдөө, баскыч жана тайпа ж.б.

**Ключевые слова:** дети старшего дошкольного возраста, социальные навыки, формирование, педагогические условия, диагностика, диаграмма, результат экспериментальной работы, исследование, этап и группа и т.

**Keywords:** children of senior preschool age, social skills, formation, pedagogical conditions, diagnostics, diagram, result of experimental work, research, stage and group, etc.

Эксперименталдык-изилдөө иштери 2018-жылдын январынан 2021-жылдын майына чейин үч баскыч менен жүргүзүлдү: к**онстатациялоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү.**

Бул максатта 2018-жылдын январынан 2018-жылдын декабрына чейин, тарбиячылардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн алгачкы деңгээли аныкталган.

Ал эми ата-энелер менен иштөөдө, изилдөөнүн биринчи баскычында ата-энелер өз балдарындагы социалдык көндүмдөрдүн канчалык денгээлде калыптангандыгы жөнүндө маалымат алышкан.

Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн 4 топ түзүлүп, үч аралык менен жүргүзүлгөн:

баштапкы –2018-жылы,

аралык – 2019-2020-жылы,

текшерүүчү -2021-жылы

Негизги көндүмдөрдүн калыптануу деңгээлин баалоо үчүн төмөнкүдөй критерийлерди аныктадык: ***өз пикирин билдирүү, топ менен иштөөдө өзүн-өзү көзөмөлдөө, башкаларды уга билүү, өз жүрүм-турумун башкара билүү, баарлашуу, конфликттик кырдаалдан чыгуу.***

***Изилдөөнүн материалдары жана методдору***


Биз тандап алган критерийлер боюнча негизги көндүмдөрдүн калыптануу деңгээлине жүргүзүлгөн изилдөөлөр көпчүлүк балдарда кемчиликтер бар экенин көрсөттү.

Изилдөөдө биз төмөнкү педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун далилдөөбүз керек:

- *мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын коомдогу жүрүм-турум нормаларын жана эрежелерин өнүктүрүү;*
- *мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдик ишмердүүлүгүндөгү өз алдынчалуулукту тарбиялоо;*
- *социалдык-маданий предметтик-мейкиндик өнүктүрүүчү чөйрөсүн түзүү жана колдоо;*
- *мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ишмердүүлүктүн гуманисттик багытында иштеген тарбиячылардын кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүү.*

Калыптандыруучу экспериментти жүргүзүү, балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда иштелип чыккан моделди жана педагогикалык шарттардын комплексин изилдөөгө мүмкүндүк берди.

Биринчи педагогикалык шартты ишке ашырууда, Р.Р. Калининдин “Сюжетүү сүрөттөр”ыкмасын колдонуп,төмөнкү жыйынтыктарды алдык:





**1.-сүрөт. Констатациялоочу жана текшерүүчү баскычтар**

- (54%) жогорку деңгээлде көрсөтүштү, бул констатациялоочу баскычында көрсөтүлгөн натыйжалардан 45%га жогору;

- орточо деңгээлдеги балдардын саны 35%га кыскарды; коомдогу жүрүм-турум нормалары жана эрежелери жөнүндө түшүнүктөрдүн калыптануусунда төмөнкү көрсөткүчтөгү балдар 11% ке төмөндөдү.

***Экинчи педагогикалык шарт*** *- мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдик ишмердүүлүгүндөгү өз алдынчалуулугун тарбиялоо. Изилдөөнүн жыйынтыгы төмөндөгүчө:*




**2.-сүрөт. Изилдөөнүн констатациялоочу жана текшерүүчү баскычтары**

Изилдөөнүн натыйжалары мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндөгү өз алдынчалуулуктун өнүктүрүү деңгээлинин оң динамикасын жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун далилдейт.

***Үчүнчү шарттын эффективдүүлүгү*** - социалдык-маданий предметтик-мейкиндик өнүктүрүүчү чөйрөсүнүн түзүү жана колдоо болуп эсептелет.


**Таблица-1.**

| № | Критерийлер | ЭТ-1 | ЭТ-2 | КТ-3 | КТ-4 |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Предметтик-мейкиндик өнүктүрүүчү чөйрөнү талдоо** | | | | |
| 1. | Билим берүү чөйрөсүн кеңейтүү | 4,8 | 4,5 | 3,16 | 3 |
| 2. | Чөйрөнүн кызматы | 5 | 5 | 3,66 | 3,12 |
| 3. | Айлана-чөйрөнүн педагогикалык максатка ылайыктуулугу | 5 | 5 | 4 | 3,8 |
| | **Социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнү талдоо** | | | | |
| 1. | Топтун социалдык-эмоционалдык атмосферасы | 4,8 | 4,7 | 3,6 | 3,42 |
| 2. | Педагогдор тарабынан айлана-чөйрөнүн социалдык компонентин түзүү жана колдоо | 4,82 | 4,74 | 3,7 | 3,2 |
| | **Орточо балл** | 4,88 | 4,78 | 3,62 | 3,3 |

***Төртүнчү педагогикалык шарт*** – тарбиячылардын гуманисттик багыттагы ишмердүүлүгүндө кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүү.

Бул үчүн төмөнкү тесттер колдонулган:

1. Сиздин эмпатикалык жөндөмдөрүңүз.
2. Педагогикалык баарлашуунун стили.





**3.-сүрөт. Маалыматтарды талдоонун жыйынтыгында төмөнкүдөй тыянак чыгарылды:**

**Эксперименталдык иштин жыйынтыгын талдоо**

Изилдөөнүн натыйжаларын текшерүү үчүн акыркы диагностика жүргүзүлдү. Жогорудагы эле ыкмалар колдонулду.

Иштин бул баскычында бардык критерийлер боюнча бардык топтордо акыркы кесүү жүргүзүлгөн.





**4.-сүрөт. Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын топ менен иштөөдө өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн калыптануу деңгээлин баалоо (акыркы кесүү)**

**Таблица -2. Социалдык көндүмдөрдүн калыптануусу изилдөө иштеринин констатациялоочу жана текшерүүчү баскычтарындагы деңгээлдери**

| Тайпалар | | Социалдык көндүмдөрдүн калыптануу деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөнкү | | Орточо | | Жогорку | |
| | | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| ЭТ-1 – 17 | Башында | 8 | 47,1 | 6 | 35,3 | 3 | 17,6 |
| | Аягында | 2 | 11,7 | 7 | 41,2 | 8 | 47,1 |
| ЭТ-2 – 19 | Башында | 7 | 36,8 | 9 | 47,4 | 3 | 15,8 |
| | Аягында | 2 | 10,5 | 10 | 52,7 | 7 | 36,8 |
| КТ-3 – 18 | Башында | 11 | 61,1 | 5 | 27,8 | 2 | 11,1 |
| | Аягында | 7 | 38,9 | 8 | 44,4 | 3 | 16,7 |
| КТ-4 – 16 | Башында | 9 | 56,3 | 5 | 31,3 | 2 | 12,4 |
| | Аягында | 7 | 43,8 | 6 | 37,5 | 3 | 18,7 |

Социалдык көндүмдөрдүн калыптануусу изилдөө иштеринин констатациялоочу жана текшерүүчү баскычтарындагы деңгээлдерин төмөнкү 5-сүрөттөн байкаса болот.




**5.-сүрөт. Социалдык көндүмдөрдүн калыптануусу изилдөө иштеринин констатациялоочу жана текшерүүчү баскычтарындагы деңгээлдери**

Изилдөөнүн жыйынтыгы ЭТ-1 тайпасында изилдөөнүн башында жогорку деңгээл 17,6% болсо, аягында 47,1% ды жана ЭТ-2 тайпасындагы балдарда башында 15,8% , ал эми аягында жогорку деңгээл 36,8% ды көрсөтүп, мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрдүн калыптануусу толугу менен ишке ашып максатка жеттик деген тыянакка келдик.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бабанский, Ю.К. Оптимизация процесса обучения. – М., 1977. – 256 с.
2. Иванова, Н.П. Социализация детей в современных условиях // Социальная педагогика. – 2012. – № 3. – С. 109-117.
3. Игнатова, Л.Ю. Социализация личности как проблема исследования отечественных и зарубежных ученых // Образование и воспитание. – 2017. – № 1. – С. 13-15.
4. Ильин, Г.Л. Некоторые вопросы психологии общения // Вопросы психологии. – 1986. – № 5. – С. 113-124.
5. Педагогическая энциклопедия: актуальные понятия современной педагогики. – М.: Восток, 2003. –274 с.
6. Сулейманов, М.С. Контент-анализ понятия «социальная компетентность» // Молодой учёный. – 2012. – № 9. – С. 314


**References:**


1. Babansky, Yu.K. Optimization of the learning process. – M., 1977. – 256 p.
2. Ivanova, N.P. Socialization of children in modern conditions // Social pedagogy. - 2012. – No. 3. – pp. 109-117.
3. Ignatova, L.Y. Socialization of personality as a problem of research of domestic and foreign scientists // Education and upbringing. - 2017. – No. 1. – pp. 13-15.
4. Ilyin, G.L. Some questions of communication psychology // Questions of psychology. – 1986. – No. 5. – pp. 113-124.

5. Pedagogical encyclopedia: actual concepts of modern pedagogy. – Moscow: Vostok, 2003. -274 p.
6. Suleymanov, M.S. Content analysis of the concept of "social competence" // Young scientist. – 2012. – No. 9. – P. 314

УДК: 378 (575.2)+378(52)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-75-82

**Самаров Айбек**
И. Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Самаров Айбек**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант
**Samarov Aibek**
KSU I. Arabaev, graduate student

# КЫРГЫЗ ОКУМУШТУУЛАРЫНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН САЛЫШТЫРМА ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ
# СРАВНИТЕЛЬНОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ СИСТЕМЫ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСКИМИ УЧЕНЫМИ
# COMPARATIVE STUDY OF THE HIGHER EDUCATION SYSTEM BY KYRGYZ SCIENTISTS

**Аннотация:** Макалада салыштырма изилдөөлөрдүн натыйжасында изилденип жаткан өлкөлөрдө жогорку билим берүүнүн деңгээли менен алардын экономикалык өсүшүнүн, ошондой эле эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн, жашоонун деңгээли жана сапаты менен коомдун башка социалдык институттарынын ортосундагы өз ара байланыштары жана алардын мыйзамченемдүүлүктөрү аныкталды, улутташтыруу процессине илимий жактан негизделген мүнөздөмө берилген.

**Аннотация:** В статье в результате сравнительных исследований выявлены взаимосвязи между уровнем высшего образования в исследуемых странах и их экономическим ростом, а также производительностью труда, уровнем и качеством жизни и другими социальными институтами общества и их закономерности, дана научно обоснованная характеристика процесса национализации.

**Abstract:** In the article, as a result of comparative studies, the interrelations between the level of higher education in the studied countries and their economic growth, as well as labor productivity, the level and quality of life and other social institutions of society and their patterns are revealed, a scientifically substantiated characteristic of the nationalization process is given.

**Негизги сөздөр:** өз ара байланыш, процесс, методологиялык мамилелер, салыштырма изилдөө, салыштырма талдоо, методология, жогорку билим берүү системасы,

**Ключевые слова:** взаимосвязь, процесс, методологические отношения, сравнительное исследование, сравнительный анализ, методология, система высшего образования,

**Keywords:** interrelation, process, methodological relations, comparative research, comparative analysis, methodology, higher education system,